ОшМУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин алкагында педагогикалык практиканын 4 түрү өткөрүлөт.

1. Адаптациялык практика 2- курс 3 кредит 90 саат
2. Кесиптик базалык практика 3-курс 9 кредит 270 саат
3. Кесиптик профилдик практика 4-курс 7 кредит 210 саат
4. Кесиптик профилдик практика 4-курс 9 кредит 270 саат

Кыргызстанда коронавирус илдети аныкталган күндөн баштап бардык мектеп жазгы каникулга мөөнөтүнөн мурун таркатылып, жогорку окуу жайдын студенттерине окуу токтотулуп карантин жарыяланды. Ош Мамлекеттик Университети анын ичинде Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети биринчилерден болуп он лайн сабактарды өткөрүүнү колго алды. Факультеттин деканы С.Ш.Калыгулова АКШда Фулбрайт программасы менен барып үйрөнүп келген Zoom, Google Classroom, Kahoot ж.б. дистанттык технологияларды колдонуп он лайн сабактарды уюштуруу боюнча факультеттин окутуучуларына онлайн Zoom конференцияларын байма-бай уюштурду. Бул программалар менен иштеп жүргөн мугалимдер тренинг-семинарларды уюштуруп жатышты. Ар бир куратор өзүнүн окуткан тайпасына аталган технологияларды үйрөтүп, берилген тапшырмаларды текшерүү, студенттердин мугалимдерге байланышуусу үчүн Zoom, Google Classroom, Telegram, WhatsApp, Kahoot сыяктуу байланыш программалары колдонулуп, сабактар үзгүлтүксүз уланып кетти. Кыргыз Республикасынын Илим жана Билим берүү министрлигинин төртүнчү чейректин сабактарын 8-апрелден тарта телеканалдардан берүүнү баштайт, 1-4-класстын сабактарын "Баластан" каналынан, 5-11-класстын сабактарын ЭлТРдин "Билим жана илим" каналынан берүү пландалып жатат деген жарлыгы чыгаары менен факультеттин деканы жана англис тилин окутуунун методикасы кафедрасынын окутуучулары 3-курстун студенттерине мектепте педагогикалык кесиптик-базалык практиканы уюштуруу боюнча кызуу талкууларды Zoom программасы менен уюштуруп практика жетекчилерине 2 жумалык тренинг-семинарлар уюштурулду. Анын негизинде дистанттык технологияларды колдонуу менен он лайн практиканы уюштуруу жобосу иштелип чыгып, бул жобо ОшМУнун окуу жана тарбия департаментине, педагогикалык квалификацияны жогорулатуу жана практика бөлүмүнө сунушталып, талкуудан өтүп он лайн практиканы 2019-2020- окуу жылдын 13-апрелден 23-майга чейин өтүүгө буйрук чыкты. Бул буйруктун негизинде студенттер Ош шаарынын төмөндөгү мектептерине практикага бөлүнүштү: №17 Ю.А.Гагарин агм, №6 А.С.Макаренко агм, № 14 К.Алтыбаев а.г.м., №50 П.Ж.Нышанов а.г.м., №38 Барпы Алыкулов а.г.м, №52 Кыргыз Турк достугу

г.м., №42 Керме-Тоо г.м., №4 С.Киров а.г.м., №18 А.Навои а.г.м., Ч.Айтматов а.о.т.к , 2 студент Тажик Республикасынын Мургаб районунун №9 Манас а.о.м., 1 студент Испаниянын Кадиз университетинде академиялык мобилдүүлүктө окуу менен бирге, жалпы 236 студент онлайн практикасына жөнөтүлдү. Практиканын биринчи жумасында практика жетекчилери, адистик усулчулар өз группасына он лайн сабактарды уюштуруу, видео сабактарды тартуу аларды онлайн платформалары менен түшүндүрүү, кайтарым байланыш аркылуу түшүнгөнүн текшерүүнү, педагог усулчулар тарбиялык видео сааттарды тартуу, аларды окуучуларга түшүндүрө билүү, а психолог усулчулар карантин мезгилинде окуучуларга жана ата-энелерге кандай мамиле жасоо боюнча Zoom программасы менен он лайн конференцияларды уюштурду. Студенттер практикага барган мектеп жамааты практиканттарга мамлекеттик стандарт менен сабактын планын түзүү, карантин мезгилинде он лайн сабакты уюштуруу жана окутуу боюнча өз тажрыйбалары менен бөлүшүп Zoom конференциясын уюштурушту. Он лайн практика уюштурууда студенттер өздөрүнүн чыгармачылыгы менен видео сабактарды даярдап, жаны сабакты түшүнүүсүн кайтарым байланыш менен текшерип, тарбиялык видео сабактарды айрыкча Улуу Жеӊиш майрамынын 75 жылдыгына окуучулар менен Жеӊиш ырын ырдайбыз деген он лайн конкурска катышып окуучулардын, мектеп мугалимдеринин, ата-энелердин купулуна толуп, ыраазычылыгына ээ болушту.

ОшМУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин 2-курсунун Адаптациялык практикасы

Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин күндүзгү бөлүмүнүн 2-курсунун студенттеринин 2019-2020-окуу жылындагы педагогикалык адаптациялык практикасы Кыргызстандагы эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу кийинки окуу жылына жылдырылгандыктан 2020-2021-окуу жылынын 7-сентябрынан 21-сентябрына чейин жогорку окуу жайдагы он лайн сабакты үзгүлтүккө учуратпай педагогикалык адаптациялык практика өткөрүү үчүн төмөндөгү мектептерге жөнөтүлдү. Жалпы практикага чыккан студенттердин саны 269. Кыргызстандын жалпы билим берүү мектептеринде 1-класстын окуучуларынын сабактарын кадимки оффлайн режимде башталгандыктан студенттердин адаптациялык практикасын өздөрү жашаган жердеги мектептерге жөнөтүү сунушталган. Ош шаарынын мектептерине - 69, Кара Суу районуна-62, Ноокат -25, Өзгөн-20, Чаткал-2, Кара Кулжа-14, Баткен – 25, Чуй-3, Ноокен-11, Базар Коргон-1, Араван-11, Аксы-4, Алай-20, Ала Бука-1. Адаптациялык практиканын максаты мектептин документациясы

менен таанышуу, класс жетекчинин милдетин үйрөнүү жана класстан сырткаркы иш чара өткөрүүнү уюштуруу.

Ош МУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин 4-курсунун педагогикалык профессионалдык-профилдик практикасы

2020-2021-окуу жылынын 9-ноябрынын 12-декабрына чейин окуу жайдын филологиялык билим берүү бөлүмүнүн студент-практиканттары практикасын он лайн формада Ош шаарынын мектептеринде жана өздөрү жашаган айыл мектептеринде өтүштү башка практикадан айырмаланып, практиканы өтүүчү мектептердин географиясы кенен болду. Практикага жалпы 246 студент барды. 177 студент шаарда, 69 студент айылда, 2студент Тажик Республикасында. Практика өтүү убагында окуу жайдан бөлүнгөн методист окутуучулар, педагогдор, психологдор жана мектептин англис тил мугалимдери студент практикант сабак өткөн класстын Whatsapp группасына кошулуп ар бир сабагына катышып өз пикирлерин билдирип, кеп кеңештерин айтып, практикант студенттерге жакындан жардам берип турушту. Практиканын отчётуна студент пратиканттын 2 видео сабагы, 1 тарбиялык саат, 1 класстан сырткары иш чара, күндөлүктүн электрондук варианты, метептин пед.кеңешмесинин токтомунан көчүрмө мектептин мөөрү менен тастыкталган документтер диск жана флешкага салынып тапшырылды.

Практиканын жыйынтыгы боюнча 2020-жылдын 25-декабрында, стейкхолделер менен биргеликте чоң он лайн конференция уюштурулду. Он-лайн конференцияга Ош шаарынын мектеп окутуучулары менен бирге Ала-Бука, Ноокат, Кара-Суу, Араван, Ноокен районунун, Тажик Республикасынын Тоолуу Бадахшан Автономиялык облусунан мектеп мугалимдери катышты. Студенттердин практика убагында өткөргон сабактары, иш чаралары көрсөтүлдү. Конференцияда дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин практика жетекчилери, педагогика, психология кафедрасынын окутуучулары, мектеп мугалимдери менен аралыктан өткөрүлгөн практиканын күнгөй тескейлери талкууланды. Студенттерден жана мектеп мугалимдеринен он лайн форматта алынган сурамжылоого анализ берилип, жогорку окуу жайы менен мектептин ортосундагы карым-катнашты бекемдөө керектиги белгиленип, конференциянын резолюциясы кабыл алынды.

Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин

педагогикалык практика жетекчиси Сулайманова Г.Ж.